# СОЦИАЛДЫК ТАРМАКТАРДАГЫ КЫСКА ТЕКСТТЕР - ЗАМАНБАП КОММУНИКАЦИЯНЫН ФОРМАСЫ

**Алим кызы Гулиза[1], Мапаева Нуржамал Абдиллажановна[2]**

*[1]Ош мамлекеттик университетинин Филология жана маданият аралык коммуникация институтунун магистранты*
*[2]Ош мамлекеттик университети, Кыргызстан Филология илимдеринин кандидаты, доцент*
*[1]E-mail: alimkyzyguliza@gmail.com*
*[2]E-mail: nmapaeva@oshsu.kg*

**Аннотация**: Коомдо адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, жашоодогу позициясы, ар кандай ой толгоолору маалыматты кабылдоосуна жараша калыптанат. Санариптик доордогу баарлашуунун динамикасы адамдардан маалыматты максималдуу түрдө тез жана кыска берүүнү талап кылууда. XXI кылымдагы эң кымбат жана абдан маанилүү нерсе, бул - информация. Азыркы учурда социалдык тармактар коомдун дээрлик бардык тармагына түз таасир эткен стратегиялык коммуникациялык платформага айланды. Адамдар бири-бири менен тез жана натыйжалуу байланышуу үчүн социалдык тармактарда кыска, так жана эмоциялуу билдирүүлөрдү колдонушат. Бул макалада социалдык тармактарда кабар түрүндөгү кыска тексттердин берилиш өзгөчөлүктөрү, табияты, кабылданышы, таасири иликтөөгө алынды. Ошондой эле кыска тексттердин маалымат берүү, ой бөлүшүү, пикир жаратуудагы ролу да талкууланат. Социалдык тармак-азыркы коммуникациянын жаңы формасын жараткан күчтүү курал экени белгиленет.

Макаланын актуалдуулугу- кыска тексттердин маалымат каражаты эле эмес, адамдар арасындагы мамилелердин жаңы формасы катары калыптанышында. Изилдөөнүн жыйынтыгында, кыска тексттер жөн гана техникалык чектөө эмес, заманбап адамдын жашоо темпине шайкеш келген жаңы маданий код экени негизделип, анын келечектеги өнүгүү багыттары болжолдонот.

**Негизги сөздөр:** социалдык тармактар, кабар түрүндөгү кыска тексттер, публицистикалык тексттер, информация алмашуу, пикир.

**Аннотация:** Общество формирует мировоззрение людей, их жизненную позицию и различные размышления в зависимости от того, как они воспринимают информацию. Динамика общения в цифровую эпоху требует от людей максимально быстрого и краткого изложения информации. В XXI веке самым ценным и крайне важным ресурсом является информация. В настоящее время социальные сети превратились в стратегическую коммуникационную платформу, напрямую влияющую практически на все сферы жизни общества.

Для быстрого и эффективного взаимодействия люди используют в социальных сетях короткие, точные и эмоционально окрашенные сообщения. В данной статье исследуются особенности подачи, природа, восприятие и влияние коротких текстов в социальных сетях. Также рассматривается роль коротких текстов в передаче информации, обмене мыслями и формировании общественного мнения. Отмечается, что социальные сети являются мощным инструментом, создавшим новую форму современной коммуникации. Актуальность статьи заключается в том, что краткие тексты становятся не просто средством передачи информации, но и формируются как новая форма межличностных отношений. По результатам исследования обосновывается, что короткие тексты - это не просто техническое ограничение, а новый культурный код, соответствующий темпу жизни современного человека, а также прогнозируются направления их дальнейшего развития.

**Ключевые слова:** социальные сети, короткие тексты в виде сообщений, публицистические тексты, обмен информацией, мнение.

**Abstract:** Society shapes people's worldview, their life stance, and various reflections depending on how they perceive information. The dynamics of communication in the digital age require people to convey information as quickly and concisely as possible. In the 21st century, information is the most valuable and critically important resource. Today, social networks have become a strategic communication platform that directly influences almost all spheres of society. For fast and effective interaction, people use short, precise, and emotionally charged messages on social media. This article examines the features of presentation, nature, perception, and impact of short texts on social networks. It also explores the role of short texts in information transmission, the exchange of ideas, and the formation of public opinion. It is noted that social networks are a powerful tool that has created a new form of modern communication. The relevance of the article lies in the fact that short texts are becoming more than just a means of transmitting information; they are evolving into a new form of interpersonal relationships. Based on the results of the study, it is argued that short texts are not merely a technical limitation but a new cultural code that corresponds to the pace of modern life, and directions for their further development are also predicted.

**Keywords:** social networks, short news-type texts, publicistic texts, information exchange, opinion.

Коомдо адамдардын дүйнөгө болгон көз карашы, жашоодогу позициясы, ар кандай ой толгоолору маалыматты кабылдоосуна жараша калыптанат. XXI кылымдагы эң кымбат жана абдан маанилүү нерсе, бул - информация.  Азыркы учурда социалдык тармактар коомдун дээрлик бардык тармагына түз таасир эткен стратегиялык коммуникациялык платформага айланды.

Социалдык тармактар маалымат таратуунун негизги булагы болуп саналат:

- Жаңылыктар, окуялар, билдирүүлөр эң биринчи социалдык тармактар аркылуу тарайт.
- Телевидение жана сайттарга салыштырмалуу тез жана интерактивдүү болуп саналат.

Социалдык тармактар коомдук пикирди калыптандырат:

- Социалдык тармактардагы маалыматтар адамдардын көз карашына, баалуулуктарына таасир этет;
- Талкуулар, комментарийлер, тренддер аркылуу коомдук ой түзүлөт.

Жаштар менен иштөөнүн эң натыйжалуу куралы болуп эсептелинет:

- Жаштардын негизги аудиториясы **Instagram, TikTok, Telegram, YouTube**
- Расмий маалыматты жеткирүү, мотивация берүү, демилгелерди жайылтуу үчүн маанилүү

Бренд жана имидж түзүү:

- Уюмдар, университеттер, мамлекеттик органдар өз аброюн социалдык тармактар аркылуу калыптандырат;
- Ачыктык, жеткиликтүүлүк, ишеним деңгээли жогорулайт

Социалдык тармактарда көбүнчө кабар түрүндөгү кыска тексттер берилет. Анткени кабар түрүндөгү кыска тексттер жалпы элге түшүнүктүү, түзүлүшү боюнча жөнөкөй, так жана мазмундук, логика-прагматикалык табияты боюнча ар түрдүү, көп багыттуу мүнөзгө ээ.

Кабар түрүндөгү кыска тексттер табияты боюнча бир нече өзгөчөлүктөргө ээ. Ал туюндурулган информациянын көп түрдүүлүгүнө байланыштуу. Чындыгында эле биз жашап турган дүйнө жана адамдын жан дүйнөсү көптөгөн информацияны кучагына камтып турат.

Информация - нерсе жөнүндө айтылган кабар, түшүнүк, белгилүүлүк, маалымат [С.Ж.Мусаев. 2000, 315-б.].

«Информация» деген терминдин масштабы да, мааниси да кеңири, табияты көп кырдуу. Ал - биздин сүйлөшүүбүздө өзгөчө мааниге ээ. Анын көп кырдуу, көп жактуу табиятына байланыштуу сүйлөшүү да, сүйлөшүүнү ишке ашырган текст да көп жактуу, көп түрдүү табиятка ээ болот [Т.С.Маразыков.1-к., 2005, 18-б.].

Информация тексттик категориялардын бирин түзөт. Ошондуктан информация - лингвистикалык жактан иликтөөгө алынуучу проблемалуу багыттардын бири [С.Өмүралиева. 2005, 50-б.].

Демек, тексттин табияты туюндурулган информациянын өзгөчөлүгүнө тыгыз байланыштуу. Ошондуктан информациянын табиятына, өзгөчөлүгүнө көңүл буруу зарыл. Окумуштуулар буга чейин информациянын төмөндөгүдөй бир канча түрлөрүн белгилеп жүрүшөт:

а) Информация - кабар, маалымат, билдирүү;
б) Фактылык информация - турмуштук фактыларды, көрүнүштөрдү баяндаган информация;
в) Эмоционалдык информация - сезим түрүндө туюндурулган информация;
г) Экспрессивдик информация, бул - күчөтүп, көбүртүп-жабыртып туюндурулган информация;
д) Контексттик информация - тексттин жалпы фонундагы информация;
е) Подтексттик информация - ачык туюндурулбаган, кыйытып, каймана түрдө, көмүскө айтылган информация;
ж) Концептуалдык информация – фактылык информациянын негизинде түзүлгөн негизги информация. Кыргыздар муну «сөздүн төркүнү» деп аташат [Т.С.Маразыков. 1-к., 2005, 19-б.].

Ошондой эле, информациянын журналистикалык информация, идеологиялык информация, кибернетикалык информация деген түрлөрү да бар.

Идеологиялык информация саясий боекторго бай келип, коомчулук үчүн үгүт-насаат маанидеги маалымат катары электелип, кибернетикалык информациядан бутактап чыгат. Журналистикалык информациянын булагы катары мезгилдик маалымат каражаттары негизги ролду ойнойт. Журналисттик информацияда тигил же бул жанрга кайрылуу журналисттин каалоосу менен эмес, ал тарыхый өнүгүү процесси менен шартталган. Тарыхый өнүгүү процесси коомдук ишмердүүлүктүн ар түрдүү чөйрөлөрүндө ар түрдүүчө информация алмашууну, ар түрдүүчө сүйлөө ыкмасын калыптандырган деп ойлойбуз. Публицистикалык стиль да мындай шыбагадан кур эмес. Маселен, публицистикалык стилдеги тексттер элди кызыктырган маселелер тууралуу эл менен информация алмашуу, ой бөлүшүү максатын көздөйт. Мындай информация массалык маалымат каражаттары катары эсептелинген радио, телеберүүлөрдө оозеки түрдө жана газета-журналдарда, же башка басылмаларда жазуу түрүндө ишке ашат [Т.С.Маразыков. 2-к., 2005, 75-б].

Публицистикалык тексттер коомчулукту кайсы бир саясий-идеологиялык нукка багыттоочу, үгүттөөчү, элдин биримдигин уюштуруучу, мамлекеттин бүтүндүгүн сактоого аракет кылуучу кызмат аткарат. Кабар түрүндөгү кыска тексттин мазмундук жалпы багыты коомчулукту кызыктырган дал ушундай стратегиялык маани-маңызга ээ урунттуу маселелерге арналат. Ошондуктан публицистикалык кабар түрүндөгү кыска тексттерден учурдагы актуал идеяларды, коомчулуктун бүйрүн кызыткан кабарларды жолуктурабыз.

Мындай тексттерде мамлекеттин кечээгиси, бүгүнкүсү, эртеңи тууралуу маалыматтар берилет. Ошондой эле өлкөдөгү демократиянын абалы жана эркиндик маселелери, мамлекеттин экономикалык саясатындагы өзгөрүүлөр, экономиканы өнүктүрүүнүн стратегиялары, улуттук тил жана улуттук маданияттын абалы, адамды ар тараптан өнүктүрүү иш-аракеттери сыяктуу маселелер жана аталган маселелерди чечүүнүн жолдору тууралуу конструктивдүү ой-пикирлер, сын-пикирлер кабарларда кеңири чагылдырылат.

Публицистикалык кабар түрүндөгү кыска тексттер информацияны бурмалабай акыйкат туюндурган учурда коом үчүн пайдалуу болуп, коомдук өнүгүүгө салым кошо алат. Эгерде кабар тексттери жалган маалыматтарды туюндурса, коомчулук арасында чыңалууну пайда кылып, көптөгөн түшүнбөөчүлүктөрдү, карама-каршылыктарды жаратат. Ошондуктан кабар түрүндөгү кыска тексттер кылдат анализге алынып тандоодон өткөрүлүшү өтө зарыл. Анткени информациянын сунушталышынан, берилишинен ошол коомдун өнүгүү деңгээлин, анын экономикалык, маданий жана интеллектуалдык ал-абалын байкоого болот. Ушул себептерден улам тиги, же бул жанрдын өнүгүш эволюциясын, анын табиятын, өзгөрүш жана өнүгүш багыттарын коомдук турмуш аныктайт. Маселен, бүгүнкү цивилизациянын чордонунда, жогоруда белгиленгендей, кабар, маалымат, билдирүү жанрындагы публицистикалык тексттер негизги орунда турат. Анткени кабар түрүндөгү тексттер коомдук турмуштун күрөө тамырынан кабар берип, коомчулукту толкундаткан маселелерди көрсөтөт. Бул жагдай коомчулукту оң, же терс ойлорго тушуктурууга, маалыматка карата белгилүү бир позицияны тутунууга өбөлгө болот.

Ушул жагынан караганда, информация же кабар, маалымат, билдирүү түрүндөгү кыска тексттер бүгүнкү коомдук турмушубузду кеңири чагылдыра алат. Ошондуктан кабар түрүндөгү тексттер учурда ыкчам өнүгүп турган маалымат булагы болуп саналат.

Азыркы учурда публицистикалык тексттердин максаты, маанилүүлүгү, коомдогу жүк көтөрүмдүүлүк деңгээли өлчөнө тургандыгы талашсыз. Анткени ар кандай публицистикалык тексттер, материалдар адамдардын аң-сезимине таасир этип, кайтарым байланыштын болушун шарттайт. Окурман менен гезиттин ортосунда билинбеген сыпайы кайтарым байланыш адамзаттын жашоо образынын жакшырышын, ой жүгүртүү деңгээлинин жогорулашын камсыздайт. Ошондуктан жогорку интеллектуалдык деңгээлде ой жүгүртүүнүн адамзатта калыптанышын публицистикалык тексттер, материалдар ишке ашыра алат. Адамзат үчүн информациянын маанилүүлүгү улам арткан сайын, бир жагынан, публицистикалык тексттерге коюлган талаптар да ошончолук жогорулайт. Публицистикалык тексттер элдин өтө кеңири массасына арналгандыктан, анын стили так, ачык, жөнөкөй жана образдуу келип, көпчүлүккө жеңил, түшүнүктүү болушу шарт экени «Кыргыз адабий тилинин стилдик түрлөрү» деген эмгекте туура белгиленген [Жооптуу ред.: С.Кудайбергенов, А.Турсунов. 1983., 5-б.]. Анткени публицистикалык тексттер, материалдар коомдо жашаган курагы, көз карашы, кесиби, улуту, жынысы, кызмат абалы, кызыгуулары, максат-мүдөөлөрү, билим деңгээли ар түрдүү болгон адамдарга арналат. Публицистикалык тексттер аркылуу берилген, сунушталган информацияны ар бир адам өз деңгээлине жараша кабылдайт жана ага карата оң жана терс жообун билдире алат. Ошондуктан публицистикалык стилдеги тексттердин коом алдында аткарган функциясы өтө жогору жана жоопкерчиликтүү. Бул жагдай публицистикалык стилдеги тексттердин диалогдуулугун, коом мүчөлөрүнүн арасында оң жана терс реакция жарата алуу мүмкүнчүлүгүн, алардын коммуникативдик, прагматикалык жактан багыттуулугун жана таасирдүүлүгүн айгинелей алат.

Публицистикалык стилдеги тексттердин бир артыкчылыгы анда элди мазмундуу ой жүгүртүүгө багыттоо аракети бар. Бул көрүнүш өз кезегинде элдин дүйнө таанымын байытат, турмуштук түшүнүк-туюмун, жан дүйнөсүн ар тараптан өөрчүтөт. Мазмундуу ой жүгүртүү публицистикалык стилде мазмундуу маселе көтөрүлгөн учурда ишке ашат. Ошондуктан текстте коомчулук үчүн мазмундуу, көйгөй проблеманын көтөрүлүшү коомчулукка жасалган акыл чабуулу болуп саналат.

Публицистикалык кабар түрүндөгү кыска тексттер информацияны бурмалабай акыйкат туюндурган учурда коом үчүн пайдалуу болуп, коомдук өнүгүүгө өз салымын кошо алат.

Эгемендүүлүктүн шарапаты менен орун алган ойлордун, ой-пикирлердин плюрализми гезитке жарыяланып жаткан кабар түрүндөгү кыска публицистикалык тексттердин мазмунуна да таасирин тийгизип жаткандыгы айкын. Мындай шартта окурманга ар түрдүү багыттагы ар кандай позициядагы маалыматтар сунушталары бышык. Ошондуктан ар бир окурман ар кайсы гезиттерде сунушталып жаткан маалыматтарды өзүнүн интеллектуалдык деңгээлине, чама-чаркына жараша окуп, кабылдайт. Информацияны сунуштоонун ар түрдүүлүгүнө байланыштуу бүгүнкү окурман маалыматтарды да тандап окуйт.

Кабар, маалымат, билдирүү түрүндөгү кыска тексттер бүгүнкү коомдук турмушубузду кеңири чагылдыра алат. Ошондуктан кабар түрүндөгү тексттер учурда ыкчам өнүгүп турган маалымат булагы болуп саналат.

Кабар - көлөмү чакан, түрдүү окуялар жана кубулуштар жөнүндө фактыларга негизделип берилген маалымат [Т.Аширбаев. 4-к., 2004, 67-б.].

Чындыгында, кабар түрүндөгү кыска тексттерде жалпы адабий тилдик каражаттарды колдонуу менен коомдук олуттуу мааниге ээ окуялар, кубулуштар жана фактылар негиздүү маалымдалат. Публицистикалык чыгармалар көп жанрлуу болгону менен, анын негизин көбүнесе гезиттик материалдар түзөт [Жооптуу ред.: С.Кудайбергенов, А.Турсунов. 1983, 7-б.].

Публицистикалык материалдар ар кандай шарттарда окулат. Ушул жагдайларга байланыштуу социалдык түйүндөрдө жарыяланган кабарлар көлөм жагынан кыска келип, айтылуучу ойдун негизи ачык, так чагылдырылат. Мындай маалыматтарда белгилүү бир өлчөмдө, анда жарыяланган материалдардын жанрына, мүнөзүнө жараша эмоционалдык, экспрессивдик стилдик боектор да болот. Ошондуктан жарыяланган макалалар, билдирүүлөр, кабарлар тез окулуп, тез түшүнүүгө ылайыкталып жазылат. Бул кабар түрүндөгү тексттердин мүнөздүү белгилеринин, өзгөчөлүктөрүнүн бири болуп эсептелет. Демек, кабар түрүндөгү тексттер жазуу формасында кыска, так, жөнөкөй, мазмундук жактан түшүнүктүү жана көп багыттуу, көп жанрлуу болот.

Маселен: «Жакында кыргыз эл акыны Омор Султановго Орусиянын адабият тармагындагы Лермонтов сыйлыгы ыйгарылды. О. Султанов поэзия менен бирге котормо жанрында да изденип, дүйнөлүк атактуу акындар Габриэла Мистральдын, Пабло Неруданын, Владимир Маяковскийдин, Александр Пушкиндин, Михаил Лермонтовдун поэзияларынан которгон.

Кыргыз акыны түзүлгөнүнө отуз жылдай убакыт болуп калган Лермонтов сыйлыгынын 12-лауреаты болуп калды. Кайсын Кулиев, Расул Гамзатов, Мустай Карим, Владимир Соколов өңдүү атактуу акындар - Орусиянын Лермонтов сыйлыгынын ээлери» [].

Бул кабар түрүндөгү кыска текстте Кыргыз эл акыны О.Султановдун котормо жанрындагы эмгеги үчүн ага Орусиянын адабият тармагындагы Лермонтов сыйлыгы ыйгарылгандыгы жөнүндө маалымат берилген.

Сыртынан караганда жөнөкөй көрүнгөн кабар түрүндөгү кыска текстте тымызын эмоционалдуулук, жашыруун сыймыктануу, акынга ыраазы болуу, дүйнө элдери тааныган О.Султановдой мыкты акындары бар кыргыз элинин улуу эл экендигине дагы бир жолу ишенүү, ошого ичинен кубануу сыяктуу стилдик боектор бар. Ал стилдик боекторду биз тексттин ыргагынан, маалыматтын баяндалыш маанайынан, бул тексттеги өзгөчө ритмо-мелодикалык структурадан жана текстте сунушталган көп багыттуу прагматикалык түзүлүштөн байкайбыз.

Маселен, «… кыргыз эл акыны Омор Султановго Лермонтов сыйлыгы ыйгарылды…», «…О.Султанов поэзия менен бирге котормо жанрында да изденип, дүйнөлүк атактуу акындардын… поэзияларынан которгон»,… «Кыргыз акыны Лермонтов сыйлыгынын 12-лауреаты болуп калды» деген туюнтмаларда О.Султановго сыйлык берилгендиги жөнүндө кабарды эле туюндуруу эмес, ушул окуя кыргыз коомчулугу үчүн өтө маанилүү рухий маданий көрүнүш экендигин жар салуу, рух-дөөлөттөрүбүз азыр деле куру эмес экендигине кубануу, ошого сыймыктануу сыяктуу семантика-стилистикалык нюанстар кошо туюндурулган деп ойлойбуз.

Ал эми тексттин соңунда дүйнөгө белгилүү Расул Гамзатов, Мустай Карим ж.б. сыяктуу акындарга бул сыйлыктын ыйгарылгандыгы жөнүндө маалыматтын берилиши, биринчиден, Лермонтов сыйлыгынын өтө олуттуу, кадыр-барктуу сыйлык экендигин, жөнөкөй эле акындар ал сыйлыкка ээ боло албасын билдирсе, экинчиден, О.Султанов да дал ошолордой кадыр-барктуу, мыкты акын экендигин, аны дүйнө элдери таанып жаткандыгын тымызын кубануу, сыймыктануу менен туюндуруу максатын көздөйт. Демек, кабар түрүндөгү тексттер логика-прагматикалык жактан көп багыттуу, жашыруун эмоционалдуу, модалдуу касиеттерге ээ.

Кабар түрүндөгү кыска тексттер жалпы элге арналгандыктан, анда коом үчүн учурда өтө маанилүү маселелер, көрүнүштөр жөнүндө кабар берилет. Андай кабарларда коомчулукту айтылып жаткан ойго ишендирүү, элдин акыл-сезимине, туюмуна таасир этүү, туюндурулуп жаткан маселеге карата элдин оң же терс эмоциясын пайда кылуу сыяктуу прагматикалык максаттар көздөлөт. Бул кабар түрүндөгү кыска тексттердин башкы милдеттеринин бири болуп саналат. Ошондой эле публицистикалык тексттердин коомдук турмуштагы актуалдуулугунун «өмүрү» чектелүү болот.

**Мисалы,** «Кыргызстандын бардык аймактары 30-ноябрда боло турган Жогорку кеңештин депутаттарын шайлоого толук даяр. Бул тууралуу дүйшөмбү күнкү республикалык шайлоо штабынын селектордук кеңешмесинде маалымдалды» деген маалымат ошол мезгил үчүн актуалдуу болушу мүмкүн. Шайлоо бүткөндөн кийин бул маалымат өзүнүн актуалдуулугун жоготуп, «архивдик» маалыматка айланат.

Демек, кабар түрүндөгү кыска тексттер коомдук маселелерди коомчулукка маалымдоодо оперативдүүлүк, ыкчам иш-аракеттер талап кылынат. Анткени мезгилдин өтүшү менен бүгүнкү актуалдуу маселе эртең актуалдуу болбой калышы ыктымал. Албетте, маалыматтык тексттер көбүнчө жеке авторлор тарабынан даярдалат. Бирок публицистикалык стилдеги тексттерде автор өзүнүн эле көз карашын туюндурбастан, белгилүү бир жамааттын көз карашын жана кызыкчылыгын кошо чагылдырган тенденцияны байкоого болот.

Демек, социалдык тармактар — бул жөн гана маалымат жайгаштыруу эмес, маалыматты кандай формада, кандай тилде жана кандай маани менен жеткирүү абдан маанилүү болгон мейкиндик экени талашсыз.

**Колдонулган адабияттар:**


1. Аширбаев, Т. Кыргыз тилинин стилистикасы (Стилистиканын жалпы маселелери) 1-китеп - Бишкек;Ош: Кыргызстан, 2000. – 124 б.
2. Аширбаев, Т. Кыргыз тилинин стилистикасы 2-китеп. – Бишкек: Кыргызстан, 2000. – 202 б.
3. Азыркы кыргыз адабий тили .Коллектив. –Б.2009.
4. Маразыков, Т. Текст таануу жана анын айрым меселелери – Бишкек: Б-сыз, 2005. – 144 б.
5. Маразыков, Т. Экстралингвистикалык факторлордун тексттеги интеграциясы – Бишкек: Б-сыз, 2005. – 167 б.
6. Мапаева Н. Гезиттик кабар түрүндөгү кыска тексттердин лингвостилистикалык өзгөчөлүктөрү. –Б.2019
7. Мусаев, С.Ж. Текст: прагматика, структура. -Бишкек, 2000.
8. Рудковская, М.Н. Вводно-модальные элементы в публицистических текстах .– М., 1982.